Oş Devlet Üniversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
14-15. sayı 2011

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
14-15-саны 2011

# ФЕРГАНА АЙМАГЫНДА ДИНИЙ ЭКСТРЕМИЗМДИН ЖАЙЫЛУУСУ

**Козукулов Тимур**

Афганистанда курч маселеге айланган геополитикалык абал пайда болду. Борбордук Азия регионунда жайгашкан бул мамлекет дүйнөлүк лидерлик кылган мамлекет башчыларынын кызыкчылыгын ойготкон. Бул аймакты тарыхый императорлор баш болуп Советтер бирдиги де өздөрүнө караткансга аракет жасашкан. Бирок, ал өздөрүнүн өкмөтү тарабынан да түзүгүрөөк башкарылган эмес. Жашаган этникалык түзүлүш жана тоолуу-чөлдүү аймак болгондугуна байланыштуу, геополитикалык процессте мамлекет коомдук тартипти орното алышпады[1].

Ал эми А.Васильев: Өткөн кылымдын 80-жылдарда мусулман дүйнөсү, фундаменталисттик жана экстремисттик кыймылдарынын күчтүү катализатору болуп берген. Жүздөгөн мусулман мамлекеттеринен афган оппозициясынын катарына өз ыктыяры менен кошулушкан. Алардын көпчүлүгү мектептерде жана гуманитардык мекемелерде иштешкен. Бир канча миңдегендери советтик жана өкмөттүк аскерлерине каршы согушка катышкан. «Ишеним үчүн күрөшүүдө» афгандык куралдуу күчтөрдүн катарында саудиялык миллиардер Усаме бен Ладен да болгон[2] деген теорияны белгилеген.

Саясий ислам учурдагы Тажикистан, Өзбекистан жана Түштүк Кыргызстандын көптөгөн райондорунда коомдун алдында келе жаткан анын ажырагыс бөлүгү катары өз ролун аткарууда. Күнүбүздө «радикалдуу» жана «фундаменталдуу» ислам деп эсептелген кыймыл XVIII – XIX кылымдарда Хива менен Бухара хандыктарында өкүм сүргөн. Мусулмандардын орустарга, андан кийин советтик бийликке каршы көтөрүлгөндөрдүн жетекчилерине башка өлкөлөрдөгү мусулман уюштуруучулардын көз карашы терең таасир эткен. Борбордук Азиядагы мусулмандардын башка өлкөлөрдөгү мусулмандар менен болгон карым катнашы бекем болгон. Ошондой эле Борбордук Азиядагы мусулмандар менен Сталин жүргүзгөн күрөшкө чейин секуляризациялык таасирлерге каршы таянып

[1] Модестов С.А. Геополитика ислама. - Москва, 2003. -113-114-бб.
[2] Васильев А. Исламский экстремизм как выражение кризиса мусульманской цивилизации //Азия и Африка сегодня. 2003. - №5. -11-б.

келишкен[3] деп белгилейт К.Мартин.

Фергана өрөөнүндө экстремисттик топторго ар кандай баа беришүүдө. Алардын максаттары жөнүндө өз деңгээлине жараша айтышууда. Изилдөөчү Имамберди Жалилов Борбордук Азиядагы диний экстремизм боюнча төмөндөгүлөрдү айтат: Советтер Союзунда Борбордук Азия өлкөлөрүн жалпы араб дүйнөсүнөн алыстатуу үчүн тийиштүү идеологиялык иш чаралар жүргүзүлгөн. Натыйжада, мусулманмын деген адам улуттук урп-адатты сактоо менен чектелип, диний илим-билимден алыс болгон. Экстремисттик маанайдагы ислам түшүнүгү вахабизм же салафизм диний агымдары менен улам сиңирилип бериле баштайт. Бул агымдын негизги маңызы болуп алгачкы ислам дини пайда болгондогу түзүлгөн коомду орнотуу болуп саналат[4].

Дүйнө коомчулугу диний экстремисттерди бир гана мусулмандарга байланыштырып коюуда. Бирок, башка дин өкүлдөрүндө да экстремисттик түшүнүктөгү топтордун бар экендиги маалым. 2004-жылы 5-апрелде Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн чыгарган токтомунда ислам дининин өкүлдөрүнө гана эмес, башка дин өкүлдөрүнө да экстремисттик топтогу уюм деп чечим чыгарган[5].

Изилдөөчү Н.Касенова Афганистан эл аралык терроризмдин булагы болсо, Чеченистан жана Тажикстан регионалдык террористтер базасы, ал эми Фергана өрөөнү регионалдык диний экстремизмдин коргону катары каралат[6] деп белгилейт.

Н. Наматов диний экстремисттер Кыргыз Республикасына качан киргендиги жөнүндө так маалымат бере алган эмес. Бирок, 1999-2000 жылдары Баткен окуяларынан кийин диний экстремисттер жана эл аралык террористтер Фергана өрөөнүнө коркунуч туудурганын белгилеген[7].

1999-жылы Ош областтык ички иштер башкармалыгы экстремисттик маанайдагы диний уюмдардын тизмеси кирген методологиялык колдонмо чыгарышты. Тизмеге кирген диний уюмдар

---

[3] Мартин К. Куда идут исламские радикалы Центральной Азии? (Сравнительная схема для исследования политического ислама в Центральной Азии) //Центральная Азия и Кавказ. - №4 (5). 1999. -184-б.

[4] Жалилов И. «Ислам дини терроризм жана экстремизм менен байланыштуубу?» //Борбордук Азиядагы Ислам: сборник материалов конференции. 21-22-май 2004. специальный выпуск «Вестник ОшГУ». - Ош, 2004. -126-б.

[5] Караңыз; Кыргыз Республикасында диний экстремизмге бөгөт коюунун 2004-2005-жылдарга карата мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө өкмөттүн 2004-жылдын 5-апрелиндеги №226-токтому.

[6] Касенова Н. Религиозный экстремизм в Центральной Азии – предсказание, которому помогают сбыться?//Центральная Азия и Кавказ. №5 (11) 2000. -55-б.

[7] Наматов Н. Религиозный экстремизм в Центральной Азии. // Центральная Азия и Кавказ. //http://www.ca-c.org/datarus/namatov.shtml

бир гана учурдагы бийликти сындабастан, администрация жана башкаруу уюмдарына каршы иш жүргүзө башташкан. Фергана өрөөнүндөгү ваххабиттик багыттагы ислам уюмдары, «Хизб ут-Тахрир», «Товба», «Нур», «Узун сокол», «Таблих», «Акромиддер», «Адолат уюму» жана «Ислом лашкарлари» кирет[8].

"КыргызИнфо" (2005-жылдын 24-мартына чейин иштеп келген маалымат агенствосу) пресс-борбор агентствосу аркылуу сот ишине прокурорлордун катышуусун камсыздоо башкармасынын башчысы Бакыт Осмоналиев жана кылмыштуулукту иликтөө боюнча көзөмөлдөө башкармасынын башчысынын орун басары Марат Эшперов 2003-жылдын 20-ноябрында Кыргыз Республикасынын Генпрокуратурасынын жана Жогорку сотунун сунушу менен кээ бир уюмдар экстремисттик жана террористтик маанайдагы топтор деп табылып, алардын Кыргызстанда иш жүргүзүүсүнө тыюу салынгандыгы жөнүндө коомчулукка жарыя кылышты. Марат Эшперовдун сөзүнө караганда, тыюу салынган уюмдарга "Хизб-ут-Тахрир аль ислами", "Чыгыш Түркстанды боштондукка чыгаруу уюму" (Шарки Азат Туркестан), "Чыгыш-Туркестандын ислам партиясы" (Шарки Туркестан ислам партиясы) жана "Туркестандын ислам партиясы" кирет. Бакыт Осмоналиев жогоруда аталган уюмдардын Кыргызстанда каттоодон өтүүсүнө, юридикалык статус алуусуна жана легалдуу иш жүргүзүүгө укугу чектелди[9] деп билдирди.

ММКлардын берген маалыматы боюнча ваххабизм, ошондой эле «Хизб ут-Тахрир» партиясынын идеялары Түштүк Кыргызстанга 20-кылымдын 90-жылдары өзбек тилиндеги адабияттар акысыз таратуу менен Өзбекстандын андижандык жана намангандык жарандары аркылуу жайылган. Ошол учурда эле исламды туура эмес салттарынан (мазарларды зыярат кылуу сыяктуу) арылтуу керек деген ураан менен алгачкы жаштар тобу пайда болгондугун белгилешет[10].

Фергана өрөөнүндө негизинен эки экстремисттик багыттагы топ иш алып барууда. Алар ваххабизм башкача айтканда салафийизм деп да аталууда жана Хизб ут-Тахрир ислам партиясы.

**Ваххабизм кыймылы.** Аравияда инсандарды ыйык тутуу жана аларды зыярат кылуу менен Аллага жандоо максатында пайда болгон ишенимдердин көбөйүшү ваххабизм агымынын келип чыгышына түрткү болду. Мындай ишенимдер диний салттарда, күндөлүк турмушта ордун таап, өз өкүмүн көрсөттү.

---

[8] Анализ Баткенских Событий //http://www.ksnu.it.kg/cipca/chronicle-9.html.
[9] http://www.kyrgyzinfo.kg/?art=1069310211
[10] Мамаюсупов О.Ш. Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде. –Бишкек, 2003. -152-б.

«Ваххабий» аталышы негиздөөчүнүн замандаш оппозициясы тарабынан берилген ысым. Учурда да Ваххабий деген ат менен таанылууда[11]. Ваххабизм Түркияда жазылган тарых булактарында «Харижийлик» кыймылы деп эсептелип, ошол ат менен аталып калган[12]. Ал эми Аравияда аты «Ваххабий», Индияда «Нежди» болуп, акыркы учурда Пакистанда «Таблиги Жамаат» (дааватчылар) аты менен иштеп жатышат[13].

Ваххабизм республиканын аймагына, өзгөчө Түштүк Кыргызстанга качан кире баштады деген суроого, башкача айтканда бар экендиги белгилүү боло баштагандыгына көптөгөн изилдөөчүлөр жооп издеп, жалпысынан бирдей пикирге токтолушкан деп айтсак жаңылышпайбыз. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымында, Баткен коогаланынан кийин ваххабизмге арналып көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ал эми 2000-жылдан баштап Хизб ут-Тахрир проблемасы башталат. Изилдөөлөр табыгый түрдө ага арнала баштайт.

Политолог О.Молдалиев өз изилдөөсүндө КРнын өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери комиссиясы (учурда президенттин алдындагы дин иштери боюнча мамкомиссия) менен Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармасы (муфтият) республикада ваххабизм таасири жок, бирок компромисс үчүн түштүктүн Ош жана Жалалабат областтарында бар экендигин кээде моюнга алышкандыгын, ошондой эле УКМ (учурда мамлекеттик улуттук коопсуздук комитети) ваххабизм коркунучу бар экендигин, бирок жогоруда аталган эки органдын мындай көңүл кош мамилесин түшүнө алышкан эмес деп белгилейт[14]. Аны менен бирге Россиянын стратегиялык изилдөө институтунун бөлүм башчысы Рашид Каримовдун Наманган жана Андижанда 1990-жылдардын баштарында саудиялык ваххабиттер тарабынан тоталитардык секта тибинде мектептер ачылганын, ал жерге саудиянын акчасы тартылып, ваххабит-талибдик мүнөздө ислам оппозициясы даярдалып жаткан[15] деген пикирине да шилтеме жасап, Фергана өрөөнүндө ваххабизмдин элементтери бар экендигин көрсөтүүгө аракет жасаган.

Азыркы күндө ваххабийлер деп чуу салган факторлор негизинен Иран, Ирак, Аравия, Афганистан жана Пакистан

---

[11] Ruhi Fığlalı Ethem. Çağımızda İtikadi İslam Mezhepleri Tarihi. 10.baskı. –İstanbul: Bileşik yayıncılık, 1999. -105-б.

[12] Vehbi Ecer A. Osmanlı Tarihinde Vehhabi Hareketi. (Doktora tezi). – Ankara, 1976. -2-б.

[13] Mevlana Muhammed Fadlurresul. Vesikalarla Vehhabilğin iç yüzü. Terceme A.Faruk Meyan. –İstanbul: Berakat yayınevi, 1976. -6-б.

[14] Молдалиев О. Странная война в долине яда. Баткен 1999.//Центральная Азия и Кавказ. №1 (7) 2000. -47-б.

[15] Ошол эле жер. -48-б

өлкөлөрүнөн келген кыймылдар болушу мүмкүн. Себеби ал өлкөлөрдөн келген ислам үгүтчүлөрүнүн 39 лидери Кыргызстан аймагында узак убакыт болгондугу УКМ тарабынан катталган. Ал эми УКМ кызматкерлери Жалалабад тургундарынан 400дөн ашуун ваххабисттик адабияттарды алып коюшкан. Кыргызстанда ваххабийлер бар деп айтууга болот. Алар дааватчыларды Пакистандын Лахор шаарындагы борбордо даярдашат экен. Ошол эле учурда кыргызстандык 200 атуул борбордо окугандыгы тууралуу маалымат катталган. Ал жерде эки жыл окутушат. Негизги максаты мусулмандардын улуу империясын – Халифатты жарыялоо үчүн агитация жүргүзүү жана боевиктерди даярдоо[16]. Ваххабизм радикалдуу кыймылынын пайда болуусу - исламдын атын жамынып, бийлик үчүн күрөшүүнүн ачык айкын көрүнүшү болуп эсептелет[17].

1998-жылы тажикстан качкындарын колдоо «Боордоштор» коомдук кайрымдуулук фондунун президенти К.Дарманкулов ММКлар аркылуу Гармда ваххабиттердин тобу Өзбекстанга кол салуу үчүн түзүлүп жатат, аларды токтотуу үчүн тез ара чараларды көрүү керек. Ошондой эле, максаты Борбордук Азияны бөлүү экендигин жашыруунун кажети жок деп белгилейт[18].

1998-жылы 13-майда президенттин пресс-катчысы К.Иманалиев республиканын аймагында «дааватчы-ваххабиттер» пайда болгонуна кооптонгондугун белгилеп, күч структуралары диний экстремизм жана терроризмдин алдын алуусу керек деп белгилейт[19].

Ваххабийлер эң негизги максаты бийликке келүүнү каалаган саясий агым болуп эсептелет. Акыркы мезгилдерде Кыргызстанда ваххабилер бар экен деген ызы-чуу чыга баштады. Ошондуктан дин кызматкерлерин жана мусулмандар диний башкармасын, областтык казыларын ваххабист деп күнөөлөй баштадык деп жазат[20]. Ваххабизм тарапкерлери катары муфтийдин орун басары Рахматулло Касымов жана Ош областынын казысы Саипжан Абдувахидовдорду күнөөлүшүүдө. Бирок, бул эки киши боюнча ачык аныкта элек. Садыкжан Камаловдун «Ислам дини деген эмне» аттуу китебинде ваххабизмди ачык эле колдоп, маркумга арнап куран окуунун кереги жок деп жазган, бул кыргыздарда маркумду узатуу салтына терс келет[21].

---

16 Диядеченко О., Оторбаева А. «Жихад: Курмандык жана барымталар». //Ош жаңырыгы. 21-май 1998.
17 Кто такие дагестанские "ваххабиты" и прочие религиозные факторы //http://www.temadnya.ru/spravka/17dec2003/3475.html
18 Ордо газетасы. №1 (16) 1998.
19 Вечерний Бишкек. 14 мая 1998 г.
20 Абдыракманов К. «Ваххабизм». //Кыргыз руху. 3-9-декабрь 1997.
21 Пиримов Э. «Ваххабизм». //Асаба. 12-декабрь 1997.

Генерал А.Чотбаев Баткен аймагына басып киргендерди «Вахабиттик көз караш жана идеялар менен сугарылган бандиттер-террористтер»[22] деп белгилейт.

**Хизб ут-Тахрир Аль-Исламий - саясий диний партия.** Фергана өрөөнүндө негизинен исламдык кыймыл эсептелген Хизб ут-Тахрир партиясы күндөн-күнгө саясий жана коомдук турмушта коогалуу маселеге айланууда. Ал эми бул партия Борбордук Азияга кандай жол менен келгендигине байланыштуу түрдүү ой-пикирлер айтылууда.

«Хизб ут-Тахрир» партиясынын Өзбекистандагы уюмунун мүчөлөрү акыркы учурга чейин динден эркин структуралар менен байланыш түзүүдөн качкандыгы үчүн укук коргоо органдарында жана изилдөөчүлөрдө «Хизб ут-Тахрир» партиясынын Өзбекистанда курулуусу жана иштери жөнүндө кыскача маалымат эле бар.

Ташкенттеги ислам изилдөөчүлөрү тарабынан жазылган булактарынын берген маалыматына караганда, "Хизб ут-Тахрир"дин жүргүзгөн иштери Өзбекстандын борборунда 1995-жылы башталгандыгы жөнүндө белгилүү болгон. Бул Өзбекстандын укук коргоо органдарынын маалыматы менен тастыкталууда. 1999-жылы 14-майда Ташкенттин шаардык сотунда соттолгон "Хизб ут-Тахрир" партиясынын 12 активистеринен сегизи 1995-жылдан бери иш жүргүзүп келген. Тергөөнүн натыйжасында "Хизб ут-Тахрир"дин идеологиясы Өзбекстанга 1995-жылы Иорданиянын атуулу Салахаддин тарабынан «импорттолгону» айыпталуучу группалар тарабынан айтылган. Ошол эле жылы укук коргоочулар тарабынан издөөдө болгон Х.М. Носиров жана Н.А. Сайдаминовдор Өзбекстандын "Хизб ут-Тахрир" уюмун курушкан, кийинчерээк Андижан, Самарканд, Ташкент жана Фергана областарына регионалдык бөлүмдөрүн түзүшкөн[23]. Ал эми бийлик органдарынын билдиргенине караганда, Түштүк Кыргызстанда Хизб ут-Тахрир партиясы алгач 1998-жылдан баштап чыга баштаган. Алгачкы баракчаларында негизинен Өзбекстандын президенти Ислам Каримовдун режимине каршы идеяларды чагылдырган. Баракчанын аягында Хизб ут-Тахрир Өзбекстан деген наамды колдонушкан. 2000-жылдан баштап Кыргызстандын бийлик органдарына каршы идеологияларды баракчалар аркылуу жайылта баштап башташкан. Баракчаларында негизинен капырларга каршы жихадка чыккыла, бийликтегилер капырларды туурашууда, анткени ислам мыйзамы турганда капырлардын законун көчүрүшүүдө. Мусулмандарды капырлар эзүүдө. Себеби,

---

[22] Кыргыз Туусу. 15-октябрь 1999.

[23] Пономарев В. Ислам Каримов против Хизб ут-Тахрира. –Москва, 1999. -3-б.

Өзбекстандын пахтасын, араб өлкөлөрүнүн нефтисин капырлар пайдаланышууда. Халифатты куруу керек, эмне үчүн дегенде мусулмандар бир адамга баш ийет ал жалпы эл тарабынан шайланат, бийликти Өзбекистандын жана Сауд Аравиянын королдорундай жеке менчиктей пайдаланбайт деген сыяктуу ойлор айтылган.

Борбордук Азия өлкөлөрү эгемендүүлүктү алгандан кийин «Хизб ут-Тахрир» баракчалары аябагандай көбөйдү. Анын Кыргызстанга кириши Өзбекстан жана Таджикистан аркылуу ишке ашты. Ал баракчалардын маанилүү бөлүктөрү өзбек жана тажик тилдерине ислам радикализминин идеологдору болгон профессионал адистер тарабынан которулган[24].

Маалыматтарга караганда, «Хизб ут-Тахричилер» интеллигенция өкүлдөрү, илимий кызматкерлер жана студент жаштардан кадрларды топтоо менен алек. Группанын ар бир мүчөсү жашаган жеринде окууну камсыз кылуу максатында группалар мезгил-мезгили менен чогулуш жайын өзгөртүп турушат[25]. Изилдөөчү Мирсайитов, Хизб ут –Тахрир кыргыз коомунун тереңинен орун алгандыгын белгилөө менен, ар түрдүү катмардагы ишсиз жаштар, интелегенция, журналистер, мугалимдер жана диндар арасында тарапкерлери бар экендигин жазат[26].

Кээ бир эксперттердин оюу боюнча, Хизб ут-Тахрирдин тарапкерлеринин арасында көптөгөн аялдар бар, аларды эркектер башкарат (партияга мүчө болгон аялдардын бирөөсүн күйөөсү же жакын тууганы башкарат). Автор активист аялдардын бирөөсү менен маек куралбаган, бирок эркек хизбчилердин сөзүнө караганда, алар өздөрү жубайларын же эже-карындаштарын мүчөлүккө тартышкан. Мындай жагдай өзгөчө Кыргызстандын түштүк региону Ош, Өзгөн, Карасуу жана Аравандарда өнүккөн[27].

2004-жылы диний экстремизм боюнча Хизб ут-Тахрир жана Ваххабизмге тийешеси бар деп 37 кылмыш иши козголгон. Ал эми 2005-жылы 40-45 чамасында кылмыш иши козголгон. Негизинен Араван, Ноокат, Карасуу жана Өзгөн райондорунда. Карасуу районунда 17 иш козголгон. Демек, Карасуу району диний экстремизм боюнча алдыда турат.

---

[24] Бабаджанов Б. Ферганская долина: источник или жертва исламского фундаментализма? //Центральная Азия и Кавказ. -№4(10), 2001. -148-б.

[25] Султангалеева А. Новые независимые государства. //Казахстан и мировое сообщество. №3(4). –Алматы, 1995. -19-б.

[26] Мирсайитов И.Э. Особенности формирования политического ислама в Ферганской долине. – Бишкек, 2004. -67-бет

[27] Мирсайитов И.Э. Особенности деятельности Хизб ут-Тахрир аль исламийа в Кыргызстане. //Ислам в Центральной Азии: сборник матер. конфер. 21-22-май 2004. спецвыпуск «Вестник ОшГУ» - Ош, 2004. -171-б.

Ош шаардык ички иштер башкармалыгы 2007-жылы 12 айда Ош шаары ичинде эле диний экстремизм жана легалдуу эмес миграция боюнча 35 кылмыш катталганын, 2006-жылга салыштырмалуу 15 факт көп экендигин белгилейт. Алардын ичинен 17 кылмыш диний экстремизге байланыштуу. Ошондой эле, тыюу салынган Хизб ут-Тахрир партиясынын 12 мүчөсү учетко алынуу менен бирге диний экстремизм маңызында 310 баракча, 116 китеп, брошюра жана журналдар, 9 видео, 20 аудиокассеталар, 109 компакт-дисктер кармалып алынды[28].

Ал эми Ош областы боюнча 2007-жылдын 12 айында Ош областык ички иштер тарабынан диний экстремизм жана легалдуу эмес миграция боюнча 69 кылмыш иши катталганын белгилейт, 2006-жылга салыштырмалуу 20 фактыга көптүк кылат. Анын ичинен диний экстремизге байланыштуу 24 кылмыш иши. Ошондой эле диний экстремизм маңызында 86 экземпляр баракча, 7 китеп, брошюра жана журналдар, 24 аудиокассеталар, 7 видиокассеталар менен 36 компакт-дисктер кармалып алынгандыгын билдиришет[29].

Хизб ут-Тахрирдин сөздүк мааниси: хизб-партия, аттахрир-азаттык, боштондук дегенди түшүндүрөт. Хизб ут-Тахрир азаттык партиясы болуп эсептелинет. Хизб ут-Тахрирчилер исламды боштондукка чыгаруучу деп айтышууда. Бирок, «Хизб ут-Тахрир сионизмге каршы жана палестинанын эркиндигине жетишүү максатында курулган»[30]. «Хизб ут-Тахрир» бул диний сөз эмес, ислам терминологиясына эч кандай тийешеси жок. Башка партиялардын аталышындай эле бир партиянын аты болуп эсептелинет. Бирок, «аль-исламия терминин кошкондугу үчүн ислам партиясы сыяктуу мүнөзгө ээ болуп калган»[31]. Мусулмандар тарабынан жардам алуу максатында ислам динин колдонушкан, ошондой эле Ислам халифалыгын 13 жылда курам деп, мөөнөтүн да көрсөткөн[32]. Себеби, дин адамдарды бириктирүүчү потенциалга ээ экендиги белгилүү. Ошондуктан алар алгач эле саясий идеологиясында динди пайдаланышкан. Кийинчерек бул саясий идеология башка өлкөдө жашаган мусулмандардан жардам алуу максатында палестинанын чегарасынан чыга баштаган.

---

28 Акиpress. 16.01.2008. http://fergana.akipress.org/?id=26645

29 Акиpress. 17.01.2008. http://fergana.akipress.org/?id=26676

30 Ислам в Кыргызстане: тендеции развития. под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. –Ош, 2004. -44-б.

31 Караңыз; Ошол эле жер. -43-б.

32 Караңыз: Кыргызстан мусулмандарынын Уламалар Кеңешинин мажлисинин 2002-жылдын 15-октябрындагы Хизб ут-Тахрир жөнүндөгү № 9-токтому – Бишкек, 2002. -1-б.

Хизб ут-Тахрирдин филиалдары Орто Азиядан сырткары Египетте, Иорданияда, Ливанда, Тунисте, Кувейтте, Палестинада, Иран, Ирак, Алжир, Турция жана Батыш Европада иштеп жатышат[33].

Негизги штаб-квартирасы (амират), ММКнын маалыматы боюнча Ливандын Бейрут шаарына жайгашкан. Бирок, штаб-квартирасын конспирациялык максатта башка өлкөлөргө көчүрүшөт. Улуу Британиянын өкмөтү либералдык түзүлүш болгонуна байланыштуу «Хизб ут-Тахрир»дин негизгилеринин бири болуп эсептелген башкаруу борбору Лондондо жайгашкан. Себеби, аларды Улуу Британия өкмөтү эч кандай экстремисттик уюм эмес деп эсептешет. Ошондуктан мүчөлөрү өз иш чараларын тоскоолдуксуз аткарышат. Өзүнчө эмираттары кээ бир араб жана европа мамлекеттерине жайгашкан. Борбордук Азияга өткөн кылымдын 90-жылдардын ортосунда келишкен[34].

Хизб ут-Тахрирдин максаты исламий турмушту кайрадан баштоо жана исламий дааватты бүткүл дүйнөгө жаюу. Хизб үммөттү жаркын пикир жардамында туура жолго баштоону өз алдына максат кылып белгиледи жана аны мурдагы кадыр-баркына кайтаруута аракет кылат. Башка мамлекеттерден, үммөттөрдөн жана элдерден жетекчилик тизгинин тартып алып, тарыхта болгондой ислам өкүмдөрүнө ылайык иш жүргүзө турган дүйнөдөгү эң биринчи мамлекетти үммөткө кайтарып берет. Ошондой эле хизб бүткүл адамзатты хидаятты (жүрөгү менен ишенип бейпилдикке жетишүү) көздөй жетелөөнү жана ислам жер жүзүнө толук жайылганга чейин куфрга, анын закон жана пикирлерине каршы күрөшүүгө үммөттү жетелөөнү өз алдына максат кылып белгиледи[35].

Хизб ут-Тахрир өз мүчөлүгүнө эркек жана аял мусулмандарды кабыл кылат. Исламды жаюу жана ислам закондорун орнотууга даават кылат.

Жеке адам хизбде жүрүп, хизб менен бирге дааватты алып барып, хизб пикирлерин жана түшүнүктөрүн табаний кылган убакытта, өзүн хизбге киргизген болот. Хизб мүчөлөрүнүн ортосун байланыштыра турган робыта (байланыш, байламта) болсо, ислам акыйдасы жана ушул акыйдадан келип чыккан хизбий сакофат. Хизбде

[33] Жуманов Мураталı ажы. Хизб ут-Тахрир деген ким. – Бишкек, 2002. -16-б.

[34] Ислам в Кыргызстане: тендеции развития. под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. – Ош, 2004. -44-б.

[35] Караңыз; Хизб ут-Тахрир. Хизб ут-Тахрир басылмаларындан. -95 бет; Набхоний Такийюддин. Ислам малекети. 1953. -230 бет; Мураталı ажы Жуманов. Хизб ут-Тахрир деген ким. – Бишкек, 2002. -16-20-бб.; Ислам в Кыргызстане: тендеции развития. под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. –Ош, 2004. -47-50-бб.; Радикальный ислам в Центральной Азии: ответ на появления Хизб ут-Тахрир. //Отчет №58 МГПК, -30 июня 2003г. -Ош/Брюссель. -3-4-бб.

аялдардын халкасы (кичинекей топ) эркектер халкасынан ажыратылган болуп, аялдар халкасына эрлери же махрамдары (ага-ини, ата же балдары) же аял киши мушрифтик (агартуучу) кылат[36].

Хизб ут-Тахрир партиясына мүчө болуу өтө татаал. Көп учурда Хизб ут-Тахрирге мүчө болуп алынган адамдар мындан мурда диний окуу жайларды бүтүргөндөр. Укук коргоо органдарынын маалыматтары боюнча Хизб ут-Тахрирде иштеген адамдар көп учурда мечиттерде жана эл көп топтолгон жерлерде жаш өспүрүмдөр менен таанышып өзбек тилинде жазылган өз китептерин жана баракчаларын берип окуусун суранышат[37].

Ар бир китепчени үйрөнүү үчүн бир ай мөөнөт берилет. Алгачкы үйрөнүү үчүн 4 китепче берилет. Бул китепчелерди окуп бүтүп кызыккан адамдарды Хизб ут-Тахрир партиясына мүчө болууга сунушташат. Эгерде бул адамдардын бирөөсү Хизб ут-Тахрирге мүчө болууга өзүнүн макулдугун берсе ал адам бул партияга мүчө болуу үчүн чын дилинен касам ичет. Ант бергенден кийин бул адам «дорис» (окуучу) наамына ээ болот. Үч айдан кийин экзаменди жакшы тапшырган дористер мушриф (мугалим, агартуучу) наамына ээ болот. Мушриф өзүнүн окуу группасын түзө алат. Бул группадагы адамдар бири-бирин аттарынан же кошумча аттарынан таанышат. Бул уюмдун ички тартиби өтө бекемделген. Ошондуктан эл ичинде булардын айырмачылыгы байкалбайт[38].

Мушрифтин бир группасында 5 дорис болот. Бир группадагы дористер экинчи группадагы дористерди билишпейт. Бул метод «Хизб ут-Тахрирдин» таркалып же жок болуп кетүүсүн алдын алат[39].

Хизб ут-Тахрир партиясы түзүлгөнүнөн баштап эле жашыруун кыймыл катары иш алып баргандыгы маалым. Алардын кылып жаткан иштерин аныктоо өтө кыйын. Себеби, партиянын мүчөлөрү кимдер экени билинбейт. Партиянын ички тартибин бекем сактоо үчүн структураларын түзүп чыгышкан. Партиянын жетекчилеринен башкалары өз араларында да бирин бири билишпейт экен. Бири бирине көз каранды группалары өздөрүнөн жогору турган структуранын адамдарынан келген буйруктарды аткарышат.

Хизб ут-Тахрир партиясынын жалпы жана регионалдык башкаруу структуралары түзүлгөн. Амир-Хизб ут-Тахрирдин бүткүл дүйнөлүк башчысы. Амирдин администрациясы-буга үч орган баш ийет. Органды амир дайындайт. Укук коргоо органы-Мазалимдин

[36] Хизб ут-Тахрир. Хизб ут-Тахрир басылмаларынан. -19-20-бб.

[37] Жуманов Мураталы ажы. Хизб ут-Тахрир деген ким. – Бишкек, 2002. -12-б.

[38] Ошол эле жер. -12-13-бб.

[39] Ислам в Кыргызстане: тендеции развития. под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. – Ош, 2004. -52-б.

аппараты. Киедат (политбюро) - партиянын абройлуу уюштуруучулары жана амир тарабынан түзүлөт. Саясий бөлүм - Киедатка баш ийет. Бул бөлүмгө эки бөлүм баш ийет. Информациялык бөлүм. Идеологиялык бөлүм[40]. Ал эми регионалдык башкаруу структурасы, көпчүлүк мамлекеттерде түзүлгөн жана өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат[41].

Хизб ут-Тахрир партиясы курулгандан баштап, азыркы учурга чейин көптөгөн адабияттарды басып чыгарган. Идеологиялык көз карашын чагылдырган адабияттары аркылуу дүйнөдө көптөгөн мусулмандар Хизб ут-Тахрир партиясына мүчө болду десек жаңылышпайбыз. Күндөн күнгө Фергана өрөөнүндөгү элдерден Хизб ут-Тахрир партиясынын мүчөлөрүнүн саны артып барууда. Хизб ут-Тахрир партиясынын басып чыгарган төмөндөгү китептери жана колдонмолору: «Низомул Ислом»-исламдын түзүлүшү; «Хизб ут-Тахрир тушунчалари»-Хизб ут-Тахрир жөнүндө түшүнүк; «Хизбий уюм»-биргелешкен кыймыл; «Демократия куфр низоми»-демократия Кудайсыз түзүлүш; «Халифалик»-халифаттык; «Иззат ва Шараф сари»; «Сиесий фикирлар»-саясий пикирлер; «Халифалик кандай тугатилди»-халифаттык кандай жоюлду; «Сиесий ва халкаро сиесат»-саясат жана геополитика; «Манжах»-төңкөрүш, «Хизб ут-Тахрир» коомду кандай өзгөртүү жана халифатты куруу жөнүндө жазат бул китепте; «Исломий шахсия»-исламдын инсандык түшүнүгү, үч бөлүктөн турат; «Ал-Ваъй»-журнал мезгилдүү басылма, дүйнө жүзүндө болуп жаткан окуяларды чагылдырып жана аларга Хизб ут-Тахрир партиясынын көз карашы менен баа берилет; «Хатарли түшүнчалар»-коркунучтуу түшүнүктөр, бул китеп халифатты курууга үндөйт; «Малявий бозорлардаги бекарорлик»-финансылык баш аламандыктар; «Исламда башкаруу системасы»; «Исламда экономика системасы»; «Исламда коомдук система»; «Исламий мамлекет»-конституциянын проекти берилген; «Социалисттик марксизмди талкалоо»; «Батыш закондорун бекем кармоо назариясын (теориясын) талкалоо; «Жогорку экономикалык саясат»; Баракчалар-дүйнөдө болуп жаткан окуяларга каршы элди үндөгөн ураандарды ичине камтыйт; «Кызуу чакырык»[42].

Жыйынтыктап айтканда, Хизб-ут-тахрир агитациялык иштеринде иш жүзүнө аша турган учур талабына жооп берген

---

[40] Ислам в Кыргызстане: тендеции развития. под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. – Ош, 2004. -53-б.

[41] Караңыз: Ислам в Кыргызстане: тенденции развития. под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. – Ош, 2004. -55-б.; Жуманов Муратали ажы. Хизб ут-Тахрир деген ким. – Бишкек, 2002. -10-11-бб.

[42] Караңыз: Хизб ут-Тахрир. Хизб ут-Тахрир басылмаларынан. -24-25-бет.; Ислам на постсоветском пространстве: взгляд изнутри. -140-б.; Ислам в Кыргызстане: тендеции развития. -56-б.

методдорду колдонууда. Хизб ут-Тахрирдин тарапкерлери тынчтык жолу менен үгүт иши аркылуу коомчулукка таасирин күчөтүп, өз тарапкерлеринин санын арттырууда. Бул партиянын идеологиясынын Кыргызстанда жайылуусу түздөн түз эгемендүүлүккө, улуттук биримдикке, коомдук стабилдүүлүккө жана мамлекеттүүлүккө каршы коопсуздукту пайда кылат. Хизб ут-Тахрир партиясына каршы күрөшүүдө күч колдонуу методу коомчулук арасында алардын аброюнун көтөрүлүүсүнө алып келет. Бир гана коомчулуктун интеллектуалдык күчтөрүн, исламдын потенциалын пайдалануу менен хизбутчилердин чыныгы жүзү көрсөтүлгөндө гана алардын жаштардын катарында орун алуусун токтотууга болот.

***Колдонулган адабияттар***


1. *Абдыракманов К.* «Ваххабизм». //Кыргыз руху. 3-9-декабрь 1997.
2. Акиpress. 16.01.2008. http://fergana.akipress.org/?id=26645
3. Акиpress. 17.01.2008. http://fergana.akipress.org/?id=26676
4. Анализ Баткенских Событий //http://www.ksnu.it.kg/cipca/chronicle-9.html.
5. *Бабаджанов Б.* Ферганская долина: источник или жертва исламского фундаментализма? //Центральная Азия и Кавказ. - №4(10), 2001.
6. *Васильев А.* Исламский экстремизм как выражение кризиса мусульманской цивилизации //Азия и Африка сегодня. 2003. - №5.
7. Вечерний Бишкек. 14 мая 1998 г.
8. *Диядеченко О., Оторбаева А.* «Жихад: Курмандык жана барымталар». //Ош жаңырыгы. 21-май 1998.
9. *Жалилов И.* «Ислам дини терроризм жана экстремизм менен байланыштуубу?» //Борбордук Азиядагы Ислам: сборник материалов конференции. 21-22-май 2004. специальный выпуск «Вестник ОшГУ». - Ош, 2004.
10. *Жуманов Муратали ажы.* Хизб ут-Тахрир деген ким. – Бишкек, 2002.
11. Ислам в Кыргызстане: тендеции развития. под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. –Ош, 2004.
12. Ислам на постсоветском пространстве: взгляд изнутри.
13. *Касенова Н.* Религиозный экстремизм в Центральной Азии – предсказание, которому помогают сбыться?//Центральная Азия и Кавказ. №5 (11) 2000.
14. Кто такие дагестанские "ваххабиты" и прочие религиозные факторы //http://www.temadnya.ru/spravka/17dec2003/3475.html

15. Кыргыз Республикасында диний экстремизмге бөгөт коюунун 2004-2005-жылдарга карата мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө өкмөттүн 2004-жылдын 5-апрелиндеги №226-токтому.
16. Кыргыз Туусу. 15-октябрь 1999.
17. Кыргызстан мусулмандарынын Уламалар Кеңешинин мажлисинин 2002-жылдын 15-октябрындагы Хизб ут-Тахрир жөнүндөгү № 9-токтому – Бишкек, 2002.
18. *Мамаюсупов О.Ш.* Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде. –Бишкек, 2003.
19. *Мартин К.* Куда идут исламские радикалы Центральной Азии? (Сравнительная схема для исследования политического ислама в Центральной Азии) //Центральная Азия и Кавказ. -№4 (5). 1999.
20. *Мирсайитов И.Э.* Особенности деятельности Хизб ут-Тахрир аль исламийа в Кыргызстане. //Ислам в Центральной Азии: сборник матер. конфер. 21-22-май 2004. спецвыпуск «Вестник ОшГУ» - Ош, 2004.
21. *Мирсайитов И.Э.* Особенности формирования политического ислама в Ферганской долине. – Бишкек, 2004.
22. *Модестов С.А.* Геополитика ислама. - Москва, 2003.
23. *Молдалиев О.* Странная война в долине яда. Баткен 1999.//Центральная Азия и Кавказ. №1 (7) 2000.
24. *Набхоний Такийюддин.* Ислам малекети. 1953.
25. *Наматов Н.* Религиозный экстремизм в Центральной Азии. // Центральная Азия и Кавказ. //http://www.ca-c.org/datarus/namatov.shtml
26. Ордо газетасы. №1 (16) 1998.
27. *Пиримов Э.* «Ваххабизм». //Асаба. 12-декабрь 1997.
28. *Пономарев В.* Ислам Каримов против Хизб ут-Тахрира. –Москва, 1999.
29. Радикальный ислам в Центральной Азии: ответ на появления Хизб ут-Тахрир. //Отчет №58 МГПК, -30 июня 2003г. -Ош/Брюссель.
30. *Султангалеева А.* Новые независимые государства. //Казахстан и мировое сообщество. №3(4). –Алматы, 1995.
31. Хизб ут-Тахрир. Хизб ут-Тахрир басылмаларынан.
32. http://www.kyrgyzinfo.kg/?art=1069310211
33. *Mevlana Muhammed Fadlurresul.* Vesikalarla Vehhabilğin iç yüzü. Terceme A.Faruk Meyan. –İstanbul: Berakat yayınevi, 1976.
34. *Ruhi Fığlalı Ethem.* Çağımızda İtikadi İslam Mezhepleri Tarihi. 10.baskı. –İstanbul: Bileşik yayıncılık, 1999.
35. *Vehbi Ecer A.* Osmanlı Tarihinde Vehhabi Hareketi. (Doktora tezi). –Ankara, 1976.